*УДК: 82.82-1 (575.2)*

**Оморова Т.М.2, ОГПИ**

# 1920-30-жылдардагы поэзия жана эне темасы

*Бул макалада 1920-1930-жылдардагы кыргыз профессионал адабиятынын баштоочулары К. Тыныстанов, А. Токомбаев, Ж. Турусбековдордун поэзиясындагы «Эне» темасына арналган ырлары адабий талдоого алынды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *лирика, поэзия, энем, поэма, мезгил, каарман.*

*Встатья дан литературный анализ произведениям посвященным теме «Матери» в поэзии оснавателей кыргызской профессиональной литературы 1920-1930гг. К. Тыныстанова, А. Токомбаева, Ж. Турусбекова.*

***Ключевые слова:*** *лирика, поэзия, мать, поэма, время, герой.*

Кыргыз жазма адабиятыбыздын башаты XX кылымдын жыйырманчы жылдарына барып такалат. Оозеки поэзиябыз профессионалдык адабияттын талаптарын кабылдап, акындар поэзиясы кагаз бетине түшүрүлүп, жаңы мезгилдин барагы ачылган. Ал мезгил адабиятка жаңы кадам койгон С. Карачев, К. Тыныстановдордун ысымы менен тарыхта калды. 1920-жылдары адабиятка баш бакан акындардын дээрлик бардыгынын маанайы, ыр жазууга болгон аракети, көзкараштары жалпысынан окшош болгон. Себеби, алар бир коомдо жашап, ошол учурдагы кыргыз турмушунун өзгөрүүсүн өз көздөрү менен көрүшүп, ысык-суукту жон терилери менен сезишкен. Элдик поэзиянын мотиви менен жаңы заманды даңктап ырдашты.

«Эркин-Тоонун» чыгышы менен гана акынды көнөргө жалпы талпынгандардын, асыресе А. Токомбаев (1904), М. Токобаев (1905-1971), М. Элебаев (1905-1944), Ж. Жамгырчиев (1906-1944), Б. Кененсариев (1896-1964), өздөрүнүн чыгармачыл активдүүлүгү менен алдыга бөлүнүп чыккан. Алар 1925-1930-жылдары поэзия майданында абдан жандуу иштеп, басма сөз беттерине өз ырларын жарыялап турушкан. «Алардын калеминен чыккан поэтикалык чыгармалар сан жагынан гана салыштырмалуу арбын болбостон, сапат жагынан да башкалардыкынан белгилүү даражада айырмаланган» – дейт адабиятчы Салижан Жигитов [1].

Билим алууга, өнөр үйрөнүп жакшы жашоого үндөгөн Октябрь революциясы ырга салынып, Лениндин ысымы бүтүндөй адабияттагы орчундуу темага айланган. «Эркин-Тоо» гезитии директүү жаштардын ички көкүрөгүндөгү ой-кыялдарын поэзия, драма, кара сөз аркылуу жазууга шыктандырды. Элдин социалдык абалы, турмуштук жетишпестиктер, өксүктөр лирика менен чагылдырылды. Жаш адабиятыбыздын алгачкы муунунун арасында поэтикалык ой айтууга дилгирленген, адам турмушун, көз көргөн дүйнөнү поэзиянын тили менен көркөмдөгөн акындар жаралды.

Акындык дарамети ар түрдүү кыргыз акындарынын арасында Касым Тыныстанов өзүнүн колориттүү кайталангыс таланты менен өзгөчөлөнөт. Анын жазган ырларынын тематикасы, поэзиясынын тили замандаштарынын чыгармачылыгы сыяктуу эле элдик поэзиядан алыстай албаган. Бирок ага карабай адам менен табиятты ажырагыс бүтүндүк катары кабылдап, адам баласынын улуулугун, асылдыгын, эне темасын алгачкылардан болуп ырдады.

Касым Тыныстанов Ташкенттеги Казак-Кыргыз эл агартуу институтутун да окуп жүргөндө энесин сагынып, куса болуп «Ала-Тоо» деп ыр жазган (Бул ыр акындын кыргыз тилиндеги алгачкы ыры болуп, 1922-жылы жазылган).

«Ала-Тоо» ырында акындын эл-жерин сагынуу мотиви кеңири орун алган. Сагынуу – лирикалык «мендин» ой-толгоосу, сезимталдыгы, эркелөөсү, үмүт-тилеги. Ыр саптарында кылымдарды карыткан Ала-Тоо ак элечек кийген кең пейил,

мээримдүү, боорукер эненин образына элестүү айланып, анын алыска кеткен баласына күткөн сар-санаасы, кооптонуусу, түйшөлүүсү терең ачылат [2] .

Кечиккен соң зарыгып,
«Унутту» деп таарынып.
Коргоол менен күн санап,
Жүргөндүрсүң камыгып.

Түндө жатып уктабай,
Күндүзүндө токтобой,
Жолоочудан жол сурап,
Кургандырсың, Ала-Тоо! [3]

Акын зирек сезим менен, алыстагы энесинин сүрөтүн тартып жатып, кандай элестетсе ошол элестерди жалпылаштырып, энеге тиешелүү мыкты сапаттарды калпып, ЭНЕ деген типтүү образды жаратканга жетишкен. «Ала-Тоо» ыры окурманды улам жаңы көрүнүшкө жетелеп, ар бир деталынан эненин өзгөчө портрети тартылып, кызыгууну арттырат. Ала-Тоо менен эненин картинасы паралелл чагылдырылып, көндүм сөздөр жаңыча тондо угулуп, ички ыргактуулук менен окурманды терең ойлонууга жетелейт.

Эрте-кеч дөңдө уулун күткөн эне «Булуттан жоолук оронуп, ак чачы музга боелуп» күтүп жатканы баяндалып, андан ары лирикалык каарман Ала-Тоого жооп иретинде, өзүнүн соо-саламат экенин билдирет. Эли-жерин унутпаганын, тестиер кезде ойногон жерлер, он алтыга чыкканда, жайлоого көчүп баратып, селкилерге көз ымдаган кездерин сагынганын айтат. Бала кездеги жылуу элестерге кайрылып, кыргыз айылындагы карапайым ыманы ысык энесине көтөрүнкү үнү менен, ишенимдүү убада берет:

Мен аманмын, барамын,
Мүнөзү бар балаңын.
Кашкайып чыкпай, караансыз
Колуңду кантип аламын?

Эң биринчи саламым –
Саган арнап жазганым,
Жакшы саатта күтүп ал,
Бул белегим, Ала-Тоо!

1916-жылы кыргыз элинин башынан өткөн кайгылуу үркүн кыргыз жазма адабиятында азыркыга чейин ырдалып, жазылып келаткан темалардын бири. Ал мезгилди өз көзү менен көргөн жаратмандардын чыгармалары бир топ реалдуу окуялар менен чагылдырылып, окурмандардын кызыгуусун артырып келет. Үрккөн элдин көргөн кордугу менен ачкалыктан өлгөнү, бөтөн эл, бөтөн жерде тарткан азап-тозогу чыгармаларда гана жашап келатат. Кыргыз эл акыны Аалы Токомбаевдин 1930-жылы жазылган «Эне» аттуу ыры ошол үркүндөгү каза болгон эненин, жетим калган шордуу жетимдердин тагдыры сүрөттөлөт. Бул ыр акындын эне жөнүндөгү алгачкы ырларынын бири болуп эсептелет. Андан сырткары «Энеме» (1930), «Достук, эне, махабат» (1937-1956-жылдар) аттуу ырлары үркүн темасына арналса, «Энеге», «Кош, энеке» деген ырларында согуш мезгилиндеги тылда иштеген энелер жөнүндө сөз болот. Акын өз чыгармачылыгында эне темасына көп кайрылган. Анткени, чыгармалар жыйнагынын үч томдугунда балдар үчүн жазылган «Энеке», «Эненин меңи», «Мекен-эне» деген ырлары жарыяланса, «Кыргыз поэзиясынын антологиясынын» экинчи томунда «Энеке» аттуу дагы бир эскерме ыры басылган.

1930-жылы жазылган «Эне» аттуу ырында үркүндө чиедей төрт жаш баласы менен Кытайга качып барып, кийгенге кийими, ичкенге тамагы жок калган кыйын мезгил баяндалат. Шордуу, муңдуу, кургур эне арыктап, балдарыма тамак таап келейин деп таңдан кечке чейин кайыр сурап, кечке жуук бутун араң сүйрөп үйгө кайтат. Чырылдашкан жаш бөбөктөр энесинин келишин күтүп, ары-бери өткөндөрдү агатайлап жардам сурашат, «агатайлары» бөбөктөрдү башынан сылап гана тим болушат. Анткени, алар дагы ачкалыктан жабыркашып, болсо берет элем, сен эмес өзүм да ачмын деп мүргүп басышат. Кайран эне кечке жүрүп эч нерсе таппай келсе, жокчулукту түшүнбөгөн чүрпөлөр «нан-нан» дешип чурулдашат.

Курган эне эл кыдырат,
Андан өнбөйт эчтеме.
Өнбөсө да сендиректейт,
Токтобостон кечке эле.

Кечте кайтат балдарына,
Күндүк кылаар үнөм жок.
Эртең деле сенделет, чын,
Бирок – ушул, күмөн жок [4].

Салты, дини бөлөк элде безип жүргөнү аз келгенсип, ачкачылык бүтүндөй журтту мөгдүрөтөт. Акын жыйырма алты куплеттен турган ырында эненин балдарына болгон ыйык мээримин, тагдырдын башка салганына өкүнбөй тескерисинче эртеңинен үмүт эткен майтарылбаган бекем эркин ырга салат. Эне жаш бөбөктөрдү ачкалыктан куткарып, аман алып калуунун жолун издейт.

А.Токомбаевдин «Энеме» аттуу ыры жогорудагы «Энени» толуктаган вариант же болбосо уландысы деп койсо болот. Анткени, биринчи ырдагы эне кытайдан кайтып келатканда ачкалыктан каза болот. Мына ошол өлүм алдындагы эненин балдарына болгон чексиз сүйүүсү, шордуу балдар кантээр экен деген кыжалатчылыгы, энелик убайымы айтылат. Окуя Кытайдан келип, Кочкордо болгону ырдын тектинде даана көрсөтүлөт.

Ал кетип, айла бүтүп турган чакта,
Кочкордо, саясы жок бир топ бакта.
Мен – оңдо, иним – солдо, сен – ортодо,
Ийрилип, жардамы жок, жаттык ачка.

… «Апаке - апакелеп» бакырдым мен,
Тарткылап бөбөгүмдү чакырдым мен.
Кыймыл жок, апакемдин колдорунда,
Ченгелдеп топуракты сапырдым мен [5].

Акын үркүндө эл менен Кытай жерине барып, ачкачылыкты өз башынан өткөрүп, элдин кыйналганын, ачкалыктан канчалаган адамдардын каза болгонуна күбө болгондуктан, жогорудагы ырлары бир топ эмоционалдуу сезим менен жазганы байкалат. Энеге болгон ички күйүтү биринчи планга чыгып, жаштык оюн күлкүнүн ордуна ачарчылыктан запкы жеп, жашоо үчүн өжөрлөнүп күрөшөт. Акын өз башынан өткөргөн удургуган азаптуу күндөрүн басмырт үн менен баяндайт. Эне – бул адам баласынын жашоосундагы улуу дөөлөт экенин, ал дайым балдары үчүн жашаарын, дүйнөдө эне сүйүүсүнөн, эне мээриминен өткөн ыйык сезим жок экени ырдалат. Тирүүлүк менен өлүмдүн кармашы, «эне бала» ситуациясыжеке мүнөздөр аркылуу типтүү образдар жаралган. Үркүн жылдарындагы ачкарын, жөө-жалаңдаган жетим-жесирдин, кары-картаңдын кыйналган күнү, шор маңдай «кайран элдин» картинасы тартылат.

1930-жылдары кыргыз жергесинде колхоздоштуруу саясаты жүрүп тургандыктан, поэзияда эмгекке үндөгөн ырлар басымдуулук кылып турган. Мисалы, Ж.Бөкөнбаев «Эрик кызы», «Орокчулар», «Эжемдер пахта теришти», К.Маликов «Фабрика кызы», М.Токобаев «Комсомолка», Ж.Турусбеков «Эмгек кызы», «Кызыл жоолукчан» ж.б.у.с. ырлар жазылган. Ырлардагы негизги идея аялзатынын тең укуктуулугу, жаштык, эмгек, Октябрь революциясын даңктоо, билимге умтулуу болгон. Эмнегедир ошол жылдары эне темасына кайрылган ырлар аз жазылган. Мунун себеби, ал мезгилдебараалына келип турган акындардын көпчүлүгү жетим болуп, балдар үйүндө тарбияланышкандыгынан улам болсо керек деп эсептейбиз. **Бул жылдары, тагыраак айтканда А.Токомбаевдин 1930-жылы жазылган эки ырынан башка, 1933-жылы Жусуп Турусбековдун «Энем» поэмасы гана жарык көргөн***(тактап коюу керек).*

Ж.Турусбековдун бул поэмасы салттуу кыргыз поэзиясынын схемасын бузуп, күтүлбөгөндөй жаңы табылгаларды, автордук «менди», жеке адам тагдырын, анын личносттук бейнесин ачып берди. Буга чейин элдик мотивден арыла албаган кыргыз адабияты үчүн, анын ичинде поэма жанрында жаңылык болуп, индивидуалдуулук башкы орунга чыккан. Акын поэмада кат сабаты жоюлбаган, улгайган эне менен билимдүү, жаңы жашоодон кабардар уулдун ортосундагы психологиялык абалды, карама-каршы көз караштагы эне бала мамилесин чагылдырат.

Ай ушу сен, кейий берген энемсиң,
Бекер ойлоп, бекер кайгы жегенсиң.
Мен кетээрде беттен өөп кучактап:
«Кагылайын, кайраттуу жүр», дегенсиң.

Энекебай, кайратымдан жазбадым,
Мен мурунку, мен эмесмин башкамын.
Тентек жана таарынчактык мүнөздөр,
Жаман экен, ишен, эне таштадым [6].

Ж. Турусбековдун поэмасындагы баласын алыска окууга жиберип, кайра өзү убайым жегени ошол мезгилдеги билимге умтулган жаштардын баарынын башынан өтүп жаткан окуялар эле. Албетте, жаңы менен эски көз караштагы эне баланын бири – бирин түшүнбөстүгү белгилүү иш. Акындын айткан оюу бардык жаштардын көңүлүндө бышып жетилип турган, бирок кантип, качан айтылаары белгисиз болгон. Бул поэманын жарык көрүшү менен канчалаган жаштар менин турмушум жазылыптыр деп, кубанды, бүтүндөй элдин оозуна алынып, жатка окула баштады.

Поэмада эне алыска билим издеп кеткен уулунан кабатырланып, тентек, орой эле бирөөлөрдөн тепки жеп, кабактарда жатпады бекен, көптүн алдында томсоруп калбадыбы деп энелик сезиминде аяйт. Уулу болсо энесинин жаңы заманды, жаңы жашоону түшүнүп жашоосун каалайт. Улгайган энесинин коштошоордо айткан «Кагылайын кайраттуу жүр» деген сөзүн унутпаганын, тентектик, таарынчактык мүнөздөрүн таштап, жакшы жакка өзгөргөнүн ишенимдүү сөздөр менен далилдейт. Поэманын аягы мезгилдин талабына ылайык, башкача айтканда жакшыларга кошулуп, билим алып, эмгекчил болгонун, колхоздогу шайыр жаштар менен бактылуу экени айтылат. Керек болсо энесин да өздөрүндөй шайыр кылып өзгөртүп алабыз деген ишенимдүү сөзү менен поэма жыйынтыкталат.

Ж. Турусбековдун бул «Энеме» поэмасы бир жагынан эрксизден К. Тыныстановдун «Ала-Тоосун» эске салат. Эки чыгармада тең кыргыз энеге тиешелүү болгон окшоштуктар, окурманга тааныш айыл жыты, эне жыты, ар күнү чыгып барып уулун күткөн тааныш дөң, чыйыр жолдор. К. Тыныстанов эненин образын Ала-Тоо аркылуу бергени, жакшы табылга болгон, анткени Ала-Тоо эненин

образы менен дагы да улуу көрүнсө, Ала-Тоо аркылуу эненин дагы кең пейилдиги даңазаланып, нурлуу жүзү огобетер ажарланган.

Ал эми А. Токомбаевдин ырларында болсо элдин башына келген кайгылуу күн, андагы жашоо үчүн болгон күрөш сүрөттөлөт. Эптеп жашап калуунун амалын ойлогон татаал шартта дагы эне деген балдары үчүн жанын аябастыгы, өзүн курмандыкка чалып, балдарын сактап калууну ойлонот. Өлүм алдында жатса дагыбалдарын аяган энелик улуу сезим, теңдешсиз энелик мээрим ырдалат.

Жогорудагы үч автордун ырлары кыргыз жазма адабиятынын торолуу мезгилинде жазылган эне жөнүндөгү алгачкы саамалык. Булар эне жөнүндөгү ырлардын төл башчысы, кийинки жылдары башка акындар тарабынан жазылган шедеврлердин үлгүсү катары жашай берет.

**Адабияттар**


1. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1-том. –Ф.: Илим. 1987. 53-б.
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 6-том. – Б.: «Кыргыз полиграф комбинат» 2002. 47-б.
3. К. Тыныстанов «Капастан чыккан ырлар». – Б.: 2004-жыл, 34-б.
4. А. Токомбаев. Тандалган чыгармалар жыйнагынын III томдук жыйнагы. I том. –Ф.: «Кыргызстан» 1972. 169-б.
5. А. Токомбаев. Мунарым. – Б.: 2004. 129-б.
6. Кыргыз адабияты. 9-кл. Түз.: Б. Алымов. – Б.: «Билим компьютер» 2007. 139-б.



**OSHGU Omorova T.M.,2015-4 OShPI**


## Poetry and the theme of a mother in 1920-1930 years


*The article presents the analysis of literary works about "Mother" theme in the poetries of Kyrgyz professional literature's sounders K. Tynystanov, A. Tokombaev, J. Turusbekov wich were in 1920-1930 years.*



***Key words:****lyrics, poetry, mother, poem, period, hero.*